**Нурманбет айылдык кеңешинин**
**2023-жылдын 23-майындагы**
**№82/XV111-28 токтому менен**
**бекитилди**

**Нурманбет айылдык аймагынын**
**жергиликтүү жамаатынын**
**уставы**

I. **Жалпы жоболор**
II. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү маанидеги маселелер**
III. **Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга түз катышуу формалары**
IV. **Жергиликтүү жамааттын жергиликтүү маанидеги маселерди чечүүгө катышуусу**
V. **Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негиздери**
VI. **Корутунду жоболор**

## I. Жалпы жоболор

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Нурманбет айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын Уставы -жергиликтүү жамааттын жыйындарында (чогулуштарында) же курутайларында талкуунун жыйынтыгы менен айылдык кеңештин токтому аркылуу бекитилүүчү, жергиликтүү жамааттын ич-ара жашоо-турмушун негизги эрежелерин жана принциптерин жөнгө салуучу,жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин кароочу, жергиликтүү жамааттардын бюджеттик процесстерге катышуусун кошкондо жергиликтүү маанидеги маселелерди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин чечүүдө жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн бири бири менен жана жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара мамилелеринин тартирбин кароочу акт болуп саналат.

1.2. Ушул Устав Нурманбет айыл аймагында колдонулат жана өздөрүнүн уюштуруу-укуктук түрлөрүнө карабастан, айыл аймагында иштеп жаткан бардык юридикалык жактар, ошондой эле жеке жактар жана алардын бирикмелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

### 2. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Ушул Уставда төмөндөгү түшүнүктөр жана терминдер колдонулат:

**жергиликтүү маанидеги маселелер**–жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, ошондой эле өздөрүнүн түздөн түз эрктерин билдирүү менен жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү чечүүчү, айыл аймагынын калкынын жашоо-турмушун түздөн түз камсыз кылуунун маселелери;

**өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар –**мыйзамдын же келишимдин негизинде аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик органдарга өткөрүлүп берилген айрым мамлекеттик ыйгарым укуктар;

**элдик демилгени жүзөгө ашыруу боюнча демилгелүү топ –** ушул Уставга ылайык элдик демилгени жүзөгө ашыруу боюнча ыктыярдуу негизде түзүлгөн, 100 адамдан кем эмес курамдагы жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү;

**айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү боюнча демилгелүү топ –** айыл аймагында жашаган 100дөн ашык жарандардынжалпы кызыкчылыктардан улам айылдын